# Кичинекей кожоюн



Автор: Гулнора Холматова

Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

# Кичинекей кожоюн

Автор: Гулнора Холматова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Кичинекей кожоюн» (кыргыз тилинде), автор Гулнора Холматова,
сүрөтчү Нурлан Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Короoобузда эскирген там болчу. Усталар аны бузуп салышты. Ордуна жаңы үйдүн пайдубалын түптөп, дубалын көтөрүп жатышат.

Бүгүн эс алуу күнү. Эртең мененки  тамагымды ичтим. Апама жардам болсун деп, бөлмөмдү өзүм жыйнадым. Андан соң бир топ убакыт китеп окудум. Бирок сырттагы “тарс-турс” үндөр оюмду бөлүп кетти. Сыртка чыгып, усталардын ишине кызыгып карап жүрдүм.

Усталар жетөө. Экөө цементти кум менен аралаштырып, үч киши кирпич коюп жатышат. Дагы экөө ары жакта жыгачтын сыртын сыйрышууда. Үй куруудагы ар бир жумуш мен үчүн абдан кызыктуу болду...

Жакын басып бардым.

– Ии, келе гой, кичинекей кожоюн, – деди мени көрө койгон узун бойлуу байке.





Байкенин «кичинекей кожоюн» дегени бир чети кызык угулду, бир чети мактанып, дердее түштүм.

– Байке, устундун сыртын эмнеге сыйрып жатасыздар? – деп сурадым кызыга.

– Ии, балам, кызыкканың абдан жакшы. Сыртын азыртадан сыйырып койсо, жыгач кургап турат. Аны ным бойдон койсо, жыгачтын сапаты бузулат, – деп жооп берди бирөөсү.

– Ным устун ийрейип да кетет. Атүгүл курт түшүп, кийинчерээк шыптан түшүшү мүмкүн, – деди экинчиси.

«Курт түшүп кетиши мүмкүн» дегенди укканда денем дүркүрөп кетти.

Уста байкелер менен бат эле ынак болуп кеттим. Аларга апам даярдап койгон жарма, чалапты жеткирүүнү өзүмө милдет кылып алдым. Суусунун кандырган усталар ыраазы болуп жатышты. Дагы эмне кылып жардам берсем деп эле турам. Бошой калсам, айланчыктап жүрө берем. Кээде кирпич алып бере коём. Жыгачтын сыйрылган кабыктарын бир жерге топтойм. Досторум оюнга чакырышса да бир аз ойноп, кайра эле үйгө шашам.





Үйүбүз батыраак эле бүтүшүн самап жүрдүм. Жаңы үйдөгү өзүмдүн бөлмөмдү элестетем. Жерге чиймелеп, сүрөтүн да тарта коём. Бөлмөмө киргенде, сол тарапка шкаф коюлат. Андан өйдөрөөк жерде стол, анын үстүндө китептерим турат. Мен бул жерде сабагымды даярдайм, сүрөт тартам. Төр жакта уктоочу керебет болот...

Менин жерге чырпык менен тартып жаткан сүрөтүмө байкелердин бири кызыга карап туруптур. Уяла түшүп, өчүрмөкчү болдум.

– Ой, азамат! Бул сенин бөлмөңдүн планыбы?! Абдан сонун! Сен архитектор болосуң го! – деп мактап жиберди.





Мен бир саамга туруп калдым. Өчүрүп салам деген оюман кайттым. Кайра өзүм тарткан сүрөттү үңүлө карадым.

– Мен атам менен апамдын, Айгеримдин бөлмөсүнүн да планын тартам, – дедим башымды көтөрүп.

Усталар түшкү тамактануу үчүн отурушту. Эч ким жоктугун пайдаланып, акырын жыгач саптуу балтаны колума алдым. Балта абдан оор экен. Колум такыр эле эп келбей жатты. Дал ошол учурда бирөө ийнимден кармап калды. Чочуп кетип кайрылып карасам, атам туруптур.





– Балам, эмне кылганы жатасың? – деди жай сүйлөп.

– Жыгачтардын кабыгын сыйрып, усталарга жардам берейин дегем, – деп күнөөлүүдөй жооп бердим.

– Үй курууга кызыкканың – бул жакшы. Бирок бир жериңди жаралап алышың мүмкүн да.

Чын эле, сырттан караганда бардык эле жумуш көзгө оңой көрүнө берет экен. Колдон келген ишти гана аткаруу керек тура!

Албетте, азыр мындай иштер менин колуман келбейт. Ал үчүн дагы бир аз убакыт керек. Мен чоңойгондо атам менен апама чоң, кооз  үй куруп берем деп кыялданып калдым...



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Гулнора Холматова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - **3.1 деңгээли**
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли